КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ ЖАНА
БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТЛИГИ
И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
Ж.БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 13.16.527 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 387.6 (143) (246.3)

**КУНЕКОВА ТУРСЫН МЫРЗАБЕКОВНА**

# Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУРМАНДЫК КЫЗЫГУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен
методикасы (кыргыз адабияты)

педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек 2017

Изилдөө иши И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуу технологиялары кафедрасында аткарылды

Илимий жетекчи: педагогика илимдеринин кандидаты, филология илимдеринин доктору, профессор Турдугулов Али Турдугулович

Расмий оппоненттер: педагогика илимдеринин доктору, профессор Батаканова Светлана Топчиевна

педагогика илимдеринин доктору, профессор Сманов Бахтияр Уразбаевич

Жетектөөчү мекеме: К.Карасаев атындагы БГУнун кыргыз адабияты кафедрасы
Дареги: 720044, Бишкек ш. Тынчтык пр., 27

Диссертация 2017-жылдын 22 - декабрында саат 15.00 дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.16.527 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Бишкек, 10 мкр., ул. Камская, 10 а.

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720040, Бишкек ш., И.Раззаков көчөсү, 51.

Авторефераt 2017-жылдын 22 ноябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Омурбаева Д.К.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Өсүп келе жаткан жаш муунду улуттук гуманизмдин идеялары жана жалпы адамзаттык ишенимдердин духунда тарбиялоо дүйнө жүзүндөгү адамзаттын эң эле маанилүү максаттарынын бири. Азыркы мезгилде жаштарды улуттук баалуулуктарга багыттап тарбиялоо заманбап билим берүү системасынын эң негизги маанилүү маселелеринен.

Кыргызстан сыяктуу эле Казакстан Республикасынын өз эгемендүүлүгүнө ээ болушуна байланыштуу негизги улуттун тилин, адабиятын, маданиятын, салтын жана тарыхын жеткилең үйрөнүү маселесинде билим берүүнүн жаңы парадигмаларын түзүү маселелерин жөнгө салуу абдан актуалдуу, бул Кыргызстанга да мүнөздүү көрүнүш. Азыркы заманбап мектептер үчүн эң негизги маселелерден болуп орус тилдүү мектептерде кыргыз же казак тилинде көркөм адабиятты окутуунун маселелери эсептелет. Айрыкча, 60-70% орус тилдүү калк жашаган Казакстандын түндүк региондорунда абдан актуалдуу. Аларды чечүүдө белгилүү бир тажрыйбалар бар: казактардын гана эмес жалпы түрк тилдүү этностордун жашоосунун өнүгүшүнүн тенденцияларын чагылдырган программалар түзүлгөн, окуу жана методикалык колдонмолордун циклдары, монографиялар жана адабий чыгармалар басылып чыгарылган.

Кыргызстан менен Казакстандын ортосундагы өлкөлөр аралык экономикалык жана маданий байланыштардын контекстинде жанаша жашаган бул эки элдин байыркысынан тартып, түбү бир түрк атанын балдары экендигин таануу, руху бир эл экендигин таануу иштеринде эне тили жана адабияты жардамга келет. Бул маселеде айрыкча улуттук адабият кошуна жашаган же тектеш элдердин адабий-маданий мурастарын өздөштүрүүдө жалпы адамзаттык проблемалардын чечилишине өбөлгө болуп берет.

Кыргызстанда М.Ауэзов, О.Сулейменов, М. Шаханов сыяктуу казактын бир катар авторлорун кызыгып окушат, ал эми казак окурмандары Ч.Айтматовдун мисалында кыргыз адабиятынын мыкты үлгүлөрү менен жакындан тааныш. Казак окурмандарынын пикиринде ал улуттук жазуучу боло туруп дүйнөлүк адабияттын жаңы барактарын ачты. Анын "Жамилясынан" тартып, соңку романы "Тоолор кулагандага" чейин баары казак тилине которулуп, биздин да улуттук баалуулугубузга айланган. Анын чыгармалары жакынкы жана ыраакку өлкөлөрдүн баарында дүйнөлүк адабияттын алкагында окутулат.

Белгилүү кыргыз жана казак агартуучулары жана педагогдору И.Арабаев, К.Тыныстанов, С.Нааматов, Ы.Алтынсарин, Ш.Валиханов, А.Кунанбаев, А.Байтурсынов, М.Жумабаев, М.Дулатов, Х.Досмаханбетов ж.б. өз убагында кыргыз жана казак элинин адабий чыгармаларынын тарбия берүүчү мумкунчулукторуно маани беришип, өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоого колдонуу керек экендигин белгилешкен. Окуучулардын адабий чыгармаларга карата болгон кызыгуусун

калыптандыруу жана өнүктүрүү маселеси, тексти окуй билүү деңгээли жөнүндөгү маселе, окурмандык таланты жана методикалык адабиятка болгон окурмандык кызыгуунун деңгээли жөнүндөгү маселелер буга чейин эле коюлуп келген. Окумуштуу-методистер Г.Щукина, Н.П.Бабаханова, З.Я.Рез, В.Г.Маранцман, кыргыз окумуштуулары Н.И.Ишекеев, А.Ж.Муратов, С.Т.Батаканова, М.Х.Манликова, А.Т.Турдугулов, С.Момуналиев, Г.У.Соронкулов, Л.А.Шейман ж.б. адабиятты окутуунун мазмуну жана формаларын изилдөө менен ага болгон окурмандык кызыгуунун калыптандыруу маселелерин изилдешкен. Кыргыз адабиятын орус мектептерде окутуу боюнча А.Муратов менен С.Рысбаев, ал эми казак тилинде окуган мектептерде казак адабий чыгармаларына болгон окурмандык кызыгууну калыптандыруу боюнча  Т.А.Тамаев бир катар эмгектерин жазышты. Кыргыз мектептеринде Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучуунун адабий-теориялык билимин калыптандыруу жагын окумуштуу А.Муратов, ал эми өзбек мектептеринде окутуу ишин К.Кимсанова караган. Филология тармагында А.Акматалиевлин, Л.Үкүбаеванын, М.Савинанын, ал эми маданияттардын диалогу жаатында А.Мокееванын эмгектери да биздин изилдөөбүз үчүн маанилүү болду.

Кыргыз окурмандары адабияттын мектеп курсунун он биринчи классында М.Ауэзовдун «Абай жолу» романын, кошумча окуу үчүн берилген саатардын ичинде «Көк серек» аңгемеисн окушат. Мындан сырткары О.Сулейменов, М.Шахановдун ырлары менен да жакындан тааныш. Ал эми каазак мектептеринде кыргыз адабиятынын үлгүлөрү да тереӊ өздөштүрүлөт, айталы «Манас» эпосунан үзүндүолөр, С.Эралиевдин лирикалары менен М.Байжиевдин айрым драмаларын окушат. Ал эми Чыңгыз Айтматовдун повесттери менен романдары кырк жылдан ашуун убакыттан бери программалык материал катары окутулуп келет.

Окурмандык кызыгууну калыптандыруу маселесинде жазуучу А.Кимдин жазганы бар: «современный человек недополучает в свой духовный организм необходимую порцию подлинно духовного огня. Духовность через книгу как система зародилась в глубоко древние времена. Это был способ общения человека с Богом, пророка с народом, человека с человеком»[1]. Демек, китеп окуу ар бир адам үчүн, айрыкча, окуучу үчүн ар дайым маанилүү маселе болуп келген.

Чыңгыз Айтматовду евразия адабиятынын чыныгы өкүлү катары билишет. Ал кыргыз адабиятын планетардык масштабга көтөрө алды. Ал өзүнүн жазуучулук милдети тууралуу айтып келип, минтип жазыптыр: «А гавань моя билингвистская, моя база материковая – это, разумеется, Россия и родина моя «азийская» - киргизско-казахская среда, данная отроду. Тем и живу, таким и вижу свой путь, за это и благодарен судьбе. Глобализация – это, и правда, всеобъемлющий процесс. Но, включаясь в его стихию, необходимо сохранять

[1] Ким А.  О новом переводе  р. М.Ауезова «Путь Абая» [Текст] //А.Ким.- «Астана-Плюс». - 2010.-№1 с.61-63с.

и развивать свои национальные культуры. В этом я вижу серьезную миссию современных интеллектуалов».

Казак окурмандары үчүн Чыңгыз Айтматов жалпы адамзаттык баалауклуктар менен проблемалар тууралуу дамаамат ой жүгүрткөн руханий окутуучу. Анын каармандары географиялык жактан канатташ эки элдин салты менен үрп-адаттары журулушкан жерде – казак жергесинде жайгашышкан. Анын чыгармалары азыркы мектеп окуучусу – окурманга руханий гүлазык болуп, каармандарынын жан дүйнөсүн өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына кызыгуу казакстандын мектептеринде казак жана орус адабиятын окутуу курсу боюнча мектеп программасында кенен берилген. 80-90-жылдарда эле орус тилдүү мектептердин жогорку класстарында «Кыямат», «Кылым карытар бир күн» романдары окутула баштаган. Адабият сабактарында жакшылык жана жамандык, руханий баалуулуктарды издөө, жашоо маңызы сыяктуу негизги темалар каралган. Азыркы адабият курсунда жазуучунун чыгармачылыгын изилдеп-үйрнүүдө («Кыямат», «Кылым карытар бир күн») идеялык-көркөмдүк маанисин ачуу үчүн жаңы аспектилер ачылган, дүйнөлүк адабият жана искусство системасында («Дүйнөлүк адабият жана искусстводо Эненин образы») кыргыз жана казак адабиятын салыштырып-типологиялык окуп-үйрөнүлот, проблемалык, образдык, социалдык-психологиялык талдоо иштери жургузулот. Методикалык ыкмалардын бай арсеналы класстан тышкаркы иштерде жана Ч.Т.Айтматовдун инсандыгын жана чыгармачылыгын окуп-үйрөнүүдө кенен мүмкүнчүлүктөрдү берет. Диссертациялык иште Казакстандагы гуманитардык билим берүүнүн жаңы парадигмаларынын контексинде Ч.Т.Айтматовдун чыгармачылык мурасына чон маани берип, терен окуп-үйрөнүүнүн жаңы методикалык мүмкүнчүлүктөрү каралган.

Окурмандык кызыгууну калыптандыруунун маселелери үч фактор менен аныкталат: биринчиден, бул маселенин теориялык-практикалык жактан маанилүүлүгү; экинчиден, кыргыз же казак адабиятын, анын муундук-жанрдык спецификасын окуп-үйрөнүү системасында заманбап талаптардын жана адабий билим берүүнүн мазмунунун өзгөрүшүнө байланыштуу методикалык системанын жоктугу; үчүнчүдөн, окутуу казак жана орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларына кыргыз жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутууга болгон кызыгууну активдештирүүчү жана окурмандык кызыгууну калыптандыруунун методикалык моделин түзүү зарылчылыгы.

Ошентип, биздин изилдөөбүздө каралып жаткан маселенин зарылдыгы, актуалдуулугу, анын азыркы педагогикалык илимде толук кандуу изилденбегендиги «Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун методикалык негиздери» деп аталган теманы тандап алууга негиз болду.

**Изилдөөнүн илимий изилдөө иштеринин программалары менен байланышы:** Изилдөөнүн темасы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил жана маданият

институтунун кыргыз адабияты кафедрасынын изилдөө темаларынын алкагында жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн объктиси:** Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу Казакстандын окутуу казак жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин ортоңку жана жогорку класс окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун методикасы.

**Изилдөөнүн максаты:** Казакстандын окутуу казак жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин ортоңку жана жогорку класстарында Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучунун көркөм чыгармаларга болгон окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун теориялык жана практикалык технологияларын иштеп чыгуу. Окуучунун окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун моделин жана методикалык системасын иштеп чыгуу. Буга ылайык төмөнкүдөй **милдеттердин** чечилишинин зарылдыгы келип чыгат**:**

- казак жана орус тилдүү мектептердин окуучуларынын кыргыз жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу көркөм чыгармаларга болгон кызыгуусун калыптандыруунун деңгээлин аныктоо жана көркөм адабиятты окуп-үйрөнүүнүн абалына анализ жүргүзүү;
- адабият мугалиминин окуучунун окурмандык кызыгуусун калыптандыруу боюнча иштеринин психологиялык-педагогикалык, адабият таануучулук жана жалпы методикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу Казакстандын окутуу казак жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин ортонку - жогорку класс окуучуларынын окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун моделин, методикалык системасын жана критерийлерин иштеп чыгуу;
- окутуу казак жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин ортонку жана жогорку класстарынын окуучуларынын Ч.Айтматовдун чыгармаларына болгон кызыгуусун калыптандырууга карата иштелип чыккан педагогикалык жана методикалык моделинин эффективдүүлүгүн эксперименттик-тажрыйбалык жактан текшерүүнү ишке ашыруу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Казакстандын мектеп окуучуларынын Ч.Айтматовдун чыгармаларын өздөштүрүү процессинде окурмандык кызыгуусун калыптандаруунун мүмкүнчүлүктөрү теориялык жактан аныкталды;
- Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу Казакстандын окутуу казак жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларынын окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун методикалык системасы жана модели иштелип чыгып, ал моделдин жана методикалык системанын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу текшерилди, максаттуу түрдө Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутууда окуучунун окурмандык кызыгуусун калыптандыруучу ыкмалар, формалар, методдор колдонулду;

▪ Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуунун методдорун, формаларын, каражаттарын сунуш кылган сабактардын иштелмелери түзүлдү, көркөм чыгарманы анализдөөнүн алгоритми түзүлдү;

▪ окуучулардын лексикалык корун байытуу боюнча иштерди активдештирүүчү лингвокультурологиялык сөздүктүн картасы иштелип чыкты;

▪ Ч.Айтматодын чыгармалары аркылуу окутуу казак жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин ортонку жана жогорку класс окуучуларынын окурмандык кызыгуусун калыптандыруу боюнча класстан тышкаркы, сабактан тышкаркы иштерди уюштуруунун системасы иштелип чыкты;

▪ класстан тышкаркы жана кошумча окуу үчүн сунуш кылынган адабияттардын, кино жана видеоматериалдардын тизмеси түзүлдү.

**Практикалык мааниси:** Кыргызсандын жана Казакстандын мектептеринде адабиятты окутуунун методикасы боюнча лекцияларды окууда, сабактарга даярданып, аны уюштурууда, «филология» адистиги боюнча педагогикалык колледж жана жогорку окуу жайларында практикум, семинардык сабактар жана педагогикалык практикаларда, класстан тышкаркы иштерде, адабий билим берүү стандартынын алкагында көркөм чыгармаларга болгон окуучулардын окурмандык кызыгуусун аныктоо боюнча контролдук-текшерүүчү иштерди жүргүзүүдө бул изилдөөнүн жыйынтыктарын методикалык жардам катары пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

▪ Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу Казакстандын окутуу казак жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларынын окурмандык кызыгуусун калыптандыруу процесси моделде сунуш кылынган система катары кабыл алынат;

▪ окуучунун өз алдынча жигердүү окурмандык активдүүлүгүн калыптандыруу процессинде инсанга багыттоочу педагогикалык ыкмага таянуу зарылдыгы бар, анткени мектептердин, китепканалардын жана үй-бүлөнүн алакасынын педагогикасы максаттуу түрдө, окуучунун окурмандык кызыгуусун жана талаптарын канааттандырууну эске алуу менен субъект-субъекттик мамиленин алкагында атайын уюштурулган коммуникативдик ишмердүүлүк болушу шарт;

▪ педагогикалык, психологиялык, адабият таануучулук жана методикалык концепциялардын интеграциясына негизделген окурмандык кызыгууну калыптандыруунун методикалык системасы көркөм чыгарманы кызыгып окуган окуучу-окурмандын жигердүү рефлекси болуп саналган Ч.Айтматовдун чыгармаларын окуткан мугалимдин методикалык технологияларынын оптималдуу жыйындысын аныктайт;

▪ окуучулардын туруктуу окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун эффективдүү каражаты болуп мазмундук-жанрдык спецификаны эске алуунун негизинде Ч.Айтматовдун чыгармаларын терең кабыл алуу, көркөм тексттин мазмунундагы маани түзүүчүлүк элементтерин талдоо, окурмандык интерпретациялар, окулган чыгармага болгон рефлекс саналат;

▪ кыргыз жана казак маданияттарындагы диалог бир тууган эки элдин руханий тамырынын бир экендигин түшүнүүг өбөлгө түзөт;

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо:** диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору эл аралык жана республикалык илимий-практикалык жана илимий-теориялык конференцияларда апробацияланды. Элүүдөн ашуун педагогикалык жана илимий-методикалык макала, алардын ичинен он экиси Кыргызстандын басылмаларына жарык көрдү.

Изилдөөнүн материалдары Казакстан Республикасынын Акмола областынын мугалимдердин клалификацмясын жогорулатуу жана кайра даярдоо инситутунда окулган лекциялар менен практикалык сабактарда, Астана шаарындагы гуманитардык педагогикалык колледждин студенттеринин педагогикалык практикасы мезгилинде пайдаланылды.

**Изилдөөнүн этаптары:** изилдөө үч этапта жүргүзүлдү: **Биринчи этапта (2010-2012)** изилдөөнүн маселелери боюнча илимий-теориялык, окуу-методикалык адабияттар изилденди, Казакстандын мектептеринде Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуунун абалы анализденди, окуучунун окурмандык кызыгуусун калыптандырууга багытталган методдордун колдонулуусу жана систематизациясы жүрдү. **Экинчи этапта (2013-2014)** Астана шаарынын №25, №30, №36, №49, №61 мектептеринде, №58- мектеп-гимназияда, гуманитардык-педагогикалык колледжде жана гуманитардык институтта эксперменттик иштер жүргүзүлдү. **Үчүнчү этапта (2014-2016)** иштер жалпылаштырылды, эксперименттин жыйынтыктары чыгарылды.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундулардан жана библиографиядан турат, кошумча тиркемелер жана таблицалар, сүрөттөр берилди.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу негизделип, диссертациянын темасынын илимий программалар менен байланышы көрсөтүлдү, иштин илимий жаңылыгын, практикалык жана теориялык маанилүүлүгүн тастыктоочу максаты жана милдеттери белгиленди, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн жыйынтыктарынын аппробацияланышы жана жарыяланышы тууралуу маалыматтарды камтыйт.

Диссертациянын ***«Ортоңку жана жогорку класс окуучуларынын көркөм тестке карата окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун илимий негиздери»*** деп аталган биринчи главасында көркөм чыгарманын текстине карата болгон окурмандык кызыгууну калыптандыруунун илимий негиздери тууралуу сөз болуп, кыргыз жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мисалында окуучунун окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун педагогикалык-психологиялык шарттары тууралуу сөз болот. Изилдөөдө "кызыгуу", "окуу", "окурмандык кызыгуу" түшүнүктөрү-нүн мааниси чечмеленет. Бул үчүн психологдордун, педагогдордун жана методисттердин эмгектерине таянуу зарылдыгы келип чыгат. Окуучунун кызыгуусу боюнча психолог Д.Дьюинин пикири маанилүү, ал минтип жазат: «Психологическим правилом выработки интереса будет следующее: для того

чтобы предмет нас заинтересовал, он должен быть связан с чем–либо интересующим нас, он должен всегда заключать в себе некоторые новые формы деятельности. Чтобы поставить этот предмет или явление в личные отношения к ученику, надо сделать его изучение личным делом ученика, только тогда мы можем быть уверены в успехе. Через детский интерес к новому детскому интересу – таково правило. Есть необходимость мотивировать его к чтению. Перед тем, как сообщить ученику новое знание, надо позаботиться о том, чтобы подготовить почву для него, т.е. возбудить соответствующий интерес»[2]

"Окурмандык кызыгуу" – бул субъектинин (окурмандын) эстетикалык канааттануусун жана түрдүү эмоционалдык абалын (кайгы-кубанычын) коштогон, таанып-билүүчү процесстерди тереңдетүүчү, субъекттин ички талаптарынын абалын ойготкон, максатка багытталган ишмердүүлүгү.

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи милдетин аткарууда Казакстандын мектептеринде Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутулушунун абалын аныктоо максатында окуу программалары, казак жана орус адабияттарынын окуу китептери анализденди. Казакстандын мектептеринин окутуу казак жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн жетинчи класстан он биринчи класска чейин Ч.Айматовдун чыгармалары окутулат, муну төмөнкү таблицада бердик.

***Таблица 1. Казахстан мектептеринде Ч.Айтматовдун чыгармаларынын класстарда жайгаштырылышы***

| № | Ч.Айтматовдун чыгармалары | Класс | Предмет | Окуулуктар жана авторлору | саат |
|---|---|---|---|---|---|
| **Окутуу казак тилинде жүргүзүлгөн мектептер** | | | | | |
| 1 | «Найман-ана» | 8 | Қазақ әдебиеті | С.Мақпырұлы, А.Қыраубайқызы, Қ.Құрманбай Қазақ әдебиеті: Жалпы білім беретін мектептің 8-сыныбына арналған оқулық | 1 |
| 2 | «Жәмиля» *Сын. тыс оқу сабағына* - «Шынарым менің, шырайлым менің» | 9 | Қазақ әдебиеті | Т. Акшолаков, Т.Жумажанова, С.Калиев, С.Дуйсенбаев Қазақ әдебиеті: Жалпы білім беретін мектептің 9-сыныбына арналған оқулық | 2+1 с.т.с. |
| 3 | «Белый пароход» – «Верблюжий глаз». *( вн.чт.)* | 7 | Литература | К.Х. Жаданова, Д.К.Исаханова Литературное чтение: учебник для 7 класса общеобразовательной школы с казахским языком обучения; | 1+1 вн. чт. |
| 4 | М.Шаханов | 7 | Литерат | К.Х. Жаданова, Д.К.Исаханова | 1 |

[2] Дью Джон. Психология. –Москва, 2000. -240 стр.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | менен авторлошуп «Ночь воспоминаний о Сократе» | | ура | Литературное чтение: учебник для 7 класса общеобразовательной школы с казахским языком обучения; | |
| 5 | «Плаха» (Кыямат) (романдан үзүндү) | 8 | Литерат ура | З.И.Боранбаева, Р.С.Сверчкова Литература: Учебник-хрестоматия для 8 класса общеобразовательных школ с казахским, уйгурским и др. языками обучения | 2 |
| 6 | «Джамиля» | 11 | Русская литерат ура | Ш.Т.Кожакеева, А.Б. Куздибаева Русская литература XX века: қазақ тілінде жалпы білім беретін мектепте 11-сыныбына арналған оқулық | 2 + 1 вн. чт. |
| **Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер** | | | | | |
| 1 | «Белый пароход» | 7 | Русская словес ность | В.В.Савельева, Г.Г.Лукпанова, Г.З. Шашкина, И.Р.Махракова Русская словесность: мир художественной литературы.- Алматы: Атамұра.- 2012-384с. | 1 |
| 2 | Обзорный урок «Плаха» | 11 | Русская литерат ура XX века | С.Д.Абишева, З.Н.Поляк, М.Асылбекова, Т.П.Чаплышкина, Л.Ф.Сафонова Русская литература XX века.- Алматы: Жазушы.- 2011.-428с. | 2ч.+ 1ч. вн. чт. |
| | | | | Казак мектептер.- 9 + 4.вн.чт. – 13 ч.<br>Орус тилдүү мектептер.- 3 + 1.вн.чт.-4 ч.<br>Баары: 17ч. | |

Ортоңку жана жогорку класстын окуучулары көркөм чыгарманын сюжетин, темасын, проблематикасын, идеясын талдап, каармандардын аракеттерине баа бере ала турган, өз алдынча тыянак чыгара ала турган абалда болушат. Эгерде окуучуну өспүрүм куракта чыгарманын окуяларынын жүрүшү, каармандын тагдыры көбүрөөк кызыктырса, улам класс жогорулаган сайын ал окуган чыгармасы боюнча адабий кеңири анализдерди жасап калат.

Ч.Айтматовдун повесттери менен романдары окуучунун руханий дүйнөсүн байытуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Тилекке каршы мектепте анын чыгармаларынан үзүндүлөр гана окутулат, бул романды же повестти толук кандуу аналидөөгдө кыйынчылыктарды жаратат. Адабият таанууда көркөм чыгарманын текстин толук кандуу, ар тараптан анализдөөнүн жолдору менен жоболору иштелип чыккан. Демек, жазуучунун тигил же бул чыгармасын

класска сунуш кылууда окуу китебинин авторлору ошол чыгарманын толук текстинен адаптацияланган текстти түзүп бериши зарыл.

Казакстандын мектептериндеги адабият курсунун соңку абалы жазуучунун чыгармаларын өздөштүрүүнүн жаңы аспектилерин сунуш кылып калды.

***Таблица 2. « Ч.Айтматовдун чыгармаларын өздөштүрүүнүн методикалык системасы».***

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Казак жана орус адабияты сабактарынын мазмуну** | | | | | |
| Чыгарманын идеялык көркөмдүк маанисин ачуу | Ч.Айтматовдун чыгармаларын дүйнөлүк адабият менен салыштырып өздөштүрүү | Проблемалык-тематикалык | Образдарды талдоо менен | Социалдык-психологиялык анализ | Жазуучунун көркөм дүйнөсү |
| **Сабактардын тематикалары** | | | | | |
| «Кыямат», “Кылым карытар бир күн” ж.б. | «Дүйнөлүк адабият менен искусстводогу эненин образы»; «Карышкырдын образы…», «Жылкынын …» | Жакшылык менен жамандыктын, сүйүүнүн жана балалыктын темасы | Иисустун, Авдийдин образдары. | Манкуртчулуктун этномаңызы | «Чыгарманын көркөмдүк мейкиндиги ….» «Окуялардын айлампасында”...» |
| **Класстан тышкаркы жана окуучунун илимий изилдөө иштери** | | | | | |
| Китепканадагы сабактар | Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзүү | “Айтматов аалымы” ийриминин иштери | Театр ийрими. Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча сценкалар | Кинофильм көрүү, аны талкуулуга алуу | Дилбаян, эссе, ийримдердин он күндүктөрү |
| **Класстан тышкаркы иштердин (сабактардын) тематикасы** | | | | | |
| «Ч.Айтматов – бул бүтүндөй аалам»; «Айтматов каармандарынын изи | - Ч.Айтматов жана адабий байланыштар» - Ч.Айтматовдун мифтери, | Изучение и пропаганда творчества Ч.Айтмат | Айтматовадун легендалары боюнча сахналаштыруула | Класстан тышкаркы иштерде – класс жетекчилер | Жазуучунун туулган күндөрүнө карата иш чаралар. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| менен». | легендалары: ыйман сабактары»;<br>-<br>Казахстандын географиясы: айтматовдун сюжеттери. | ова | р | | |

Диссертациянын экинчи главасы ***“Ортоңку жана жогорку класс окуучуларынын Ч.Айтматовдун чыгармаларына болгон кызыгууларын калыптандыруунун модели”*** деп аталып, мында окурмандык кызыгууну калыптандыруунун модели иштелип чыкты, анын педагогикалык-психологиялык, методикалык  жана адабият таанучулук өзгөчөлүктөрү, бул процесстеги адабият мугалиминин милдеттери жана ролу тууралуу сөз болот.

Сунуш кылынган модель окуу процессинин субъектилери менен объектилерин чагылдырат: автор (Ч.Айтматов), окурман, көркөм текст жана ортомчулар. Ч.Айтматовдун чыгармалары окуучуну мектеп курагынан тартып турмушта ар нерсени сүйө билүүгө, кастарлай билүүгө көндүрөт. Жазуучунун ар каарманы менен окурман жекеме-жеке аңгемелеш алат, анын аракеттериндеги аалам сырларын аңтарган түшүнүктөргө ээ болушат, мунун баары, албетте мектептеги адабият мугалиминин көмөгү менен ишке ашат. Адабият мугалими - ата-энелердин, окуучулардын, окуу мекемелеринин ортосундагы ортомчу, ал мектептик окуу каражаттарын интеграциялоо, китепканадагы китеп базасын жана үй-бүлөнүн билим потенциалын ишке ашыра турган менеджер. Мугалим - окуучунун окурмандык каалоосун канаттандыруу аркылуу, аны өзүн өзү окутууга, өзүн өзү активдештирүүгө болгон тенденциясын багыттаган адам. Окурмандык чөйрөнүн бардык субъектилеринин ишмердүүлүгүнүн координация жана интеграциялык даражасы – бул мугалимдердин макулдашуусу, жөнгө салуусу жана жөндөмүнөн көз каранды.  Менеджер катары мугалимдин ролу жеке буйрук берүүдө эмес, окурмандык чөйрөнүн бардык субъектеринин мамилелерин, байланыштарын ар дайым жөнгө салып, координациядагы алаканы түзүүдө көрүнөт. Окуу маданияты - коомдун өнүгүшүнүн адеп-ахлактык жана интеллектуалдык деңгээлин аныктоочу, таанып-билүүчү процесстин ишмердүүлүгүнүн негизин камтыган социомаданий кубулуш.

Ч.Айтматовдун чыгармаларын өздөштүрүп жатып казак жана орус адабияты сабактарында интеграциялоонун толгон мүмкүнчүлүктөрү жатат, айталы, Ч.Айтматов менен М.Ауэзовдун, И.Жансүгүровдун, Г.Мусреповдун, О.Сулейменовдун, М.Шахановдун, М.Булгаковдун, В.Закруткиндин, Дж.Лондондун жана Дж.Олдриджин чыгармалары менен, андагы сюжеттик линия, каармандардын көркөм образдары, идеялары менен салыштырып өздөштүрүүгө болот, буга да адабият мугалиминин активдүү көмөгү керек. Адабият мугалими ар сабагынын планына “сабактын идеясы”, “окуучунун темага мотвациялоо” сыяктуу бөлүмдөрдү киргизиши зарыл. Ошону менен

бирге ар бир адабият сабагы – илимдин жана икусствонун синтезинен турган мугалимдин жаңы идеялардын жаратманы болушу зарыл. Окуучунун өтүлө турган ар бир сабакка, ар бир темага мотивациялоо сабактын натыйжалуулугун ачкычы.

Окуучуларды окуу ишмердүүлүгүнө мотивациялоонун ***жакынкы*** (кыска убакыттын ичинде анын ишинин жыйынтыктарын көрүү жана ***келечектүү*** (анын сабактан алган билим, билгичтик, көндүмдөрү кийин такай пайдасын бере турган) болушу мүмкүн. Окуучунун ар тараптан өнүккөн инсан катары калыптанышынын натыйжалуу жолдору RWST долбоорунун негизинде ишке ашырылышы мүмкүн. Сабакты уюштуруунун мындай жолдору окуучунун чыгармачылыгын калыптандырып, өтүлгөн теманы өзалдынча өздөштүрүп, жаңы теманы аналаздөөгө, баалоого даярдаарын практика көрсөттү.

Ч.Айтматовдун өмүрү-чыгармачылыгын өздөштүрүү сабактарынын биринчисинде, же киришүү сабагында окуучуларга төмөнкүдөй проблемалык суроолорду даярдадык:

1.Ч.Айтматовду эмнелер казак жери, казак маданияты менен байланыштырат?

2.Казакстан менен, казак адабиятынан кимдер менен Ч.Айтматов жеке чыгармачылык байланыш түзгөн? Муну так мисалдар менен далилдегиле.

3.Силердин кыргыздын “Манас” эпосу тууралуу кабарыңар барбы?

4.Бул эпостун Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына кандай таасири болду?

Мындай суроолорго жооп табуу үчүн окуучу кыргыз, казак жана жыйырманчы кылымдагы дүйнө адабиятынан кабардар болушу керек. Ушунун өзү окуучунун бир адабиятта менен таанышып чыгууга мажбурлайт, ал ошентип көркөм текст менен иштөө көндүмдөрүнө ээ боло баштайт.

Окуучунун окурмандык кызыгуусун калыптандыруу ишинде биз Портфолиону да пайдалана алабыз. Окуучу окуганы, билгени тууралуу өзүнүн окурмандык күндөлүгүнө жаза баштайт. Китеп окууга кызыктыруу ишин киришүү сабактарында адегенде баштоо туура. Окуучулар лингвомаданий карта сөздүгүн түзө баштаганы туура. Мындай карта сөздүктү толтуруунун тартиби бар: жаңы сөз; дефиниция; сөздүн мааниси; сөздүн башкача аталыштары; ал сөздүн адаттан тыш пайдаланылуусу; ассоциация; синонимдер; антонимдер; текстен бир сөз же бир сүйлөм; макалдар менен ылакаптар; учкул сөздөр. Айталы, Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романынан үзүндү “Найман-ана” өздөштүрүлүп жатканда окуучулар “эне” сөзүнө карата карта түзүштү. Ана – эне – адамга өмүр берген, аны тарбиялаган аял; Эне, апа, апаке, апам менен; эне тууралуу; энеге; жылуулук, жылмаюу, коздук, сулуулук, күн, кубаныч, түгөнгүс бак таалай; өмүр тамыры; эненин алаканы; бейиш – эненин таман астында; күн астындагы жылуулук; эне жүрөгү.

Ч.Айтматов тууралуу тартылган даректүү фильмди көрсөткөндөн кийин окуучуларды жазучунун жеке турмушу, үй-бүлөсү, достору, жазуучулук ишмердүүлүгү тууралуу көптөгөн суроолор кызыктырды. Кошумча адабияттарды пайдалануу менен жазуучу тууралуу айрымдардын айткандарын мисал келтиришти, өздөрү ар кыл темада дилбаян жазышты.





Рисунок 1 - Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окурмандык кызыгууну калыптандыруу модели

Диссертациянын үчүнчү главасында (“***Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары”***) изилдөө процессинде үч этап менен (констатациялык, ортолук жана жыйынтыктоочу) жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин жүрүшү тууралуу айтылган.

Констатациялык эксперименттин маңызы Ч.Айтматовдун чыгармаларына болгон кызыгууну туудурган, окурмандык чөйрөнү уюштуруунун моделин окуу-тарбия процессине жайылтуу болду. Анын алдында төмөнкүдөй милдеттер турган:

1.Окуучунун көркөм чыгарманы окуп, түшүнүү көндүмдөрүн аныктоо.

2.Казакстандын ортонку жана жогорку класс окуучуларынын Ч.Айтматовдун чыгармаларын карата болгон кызыгууларын аныктоо.

3.Окуучунун окурмандык кызыгуусун калыптандаруу боюнча мугалимдердин компетентүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо.

4.Ч.Айтматовдун чыгармаларына болгон кызыгууну калыптандаруу боюнча китепканалардын ишмердүүлүктөрүн жана ички мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо. Бул этапта окуучулар менен ангемелешүү, анкеталоо, мугалимдер, ата-энелер, китепканачылар менен ангемелешүү иштери, көркөм чыгарманы окугандан кийинки мониторинг, дилбаян, эсселерди анализдөө иштери жүрдү.

***Таблица 3. Анкета «көркөм чыгарма окуганды жактырасыңабы?»***

| № | Класстар | Окучун саны | Жооптор | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | ооба | Ооба, бирок убакыт жок | жок | кызыкпайм |
| | 7 | 60 | 26/43% | 19/32% | 12/20% | 3/5% |
| | 8 | 60 | 21/35% | 25/42% | 6/10% | 8/13% |
| | 9 | 60 | 18/30% | 28/48% | 5/8% | 9/15% |
| | 11 | 60 | 20/33% | 25/42% | 8/13% | 7/12% |
| | | 240 | 85/36% | 97/40% | 31/13% | 27/11% |

Анкеталык иштердин жыйынтыктарынан улам ортонку жана жогорку класстардын окуучуларынын 36% гана көркөм чыгарманы активдүү окушат. Ал эми ошол эле класстардын окуучуларынан кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары менен тааныштыгын, окугандыгын төмөнкү анкета аркылуу аныкталды: “Жазуучу Айтматовдун ысымын билесиңерби?, Бул чыгармалардын кайсы бири силерге тааныш, белгилеп койгула – “Жамиля”, “Ак кеме”, “Плаха”, “Бороондуу бекет”, “Кызыл жоолук жалжалым”, “Биринчи мугалим”, “Эрте келген турналар”, “Гүлсарат”, “Фудзиамадагы кадыр түн”, “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт”, “Кассандра тамгасы”, “Чыңгыз хандын ак булут”. Эми ушул чыгармалардын кайсы бирин окугансынар? Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча тартылган кинофильмдерди билесинерби? Окуучулардын 43 гана пайызы мындай суроолорго бизди канаатандырарлык беришти. Ад эми алтымыш пайызы Ч.Айтматовду таанышат.

Ошентип, констатациялоочу эксперимент Казакстандын мектептеринин окуучуларынын көркөм адабиятка болгон кызыгуусу төмөн экендигин көрсөттү, мындан сырткары, окуучулардын окуу көндүмдөрү да төмөн экендиги аныкталды, бул маселеде мугалимдер методикалык жардамга муктаж, Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучунун окурмандык кызыгууларын калыптандаруу маселесин натыйжалуу чечүү үчүн шарттарды түзүү мезгили бышып жетилгендигин көрсөттү.

Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгууларынын калыптангандаганын деңгээлин негизги үч критерийдин жардамы менен аныктоого болот:

1.Окуучулардын көркөм текстти мазмундук деңгээлде өздөштүрүүсү.

2.Личносттук (жекелик-инсандык) калыптандыруучу компонент: жалпы адамзаттык жана руханий-ыймандык баалуулуктар, адамдын жүүрүм-турумундагы этикалык нормалардын сакталышы, эстетикалык табит маселеси.

3.Окуучу-окурмандын изилдөөчүлүк мүмкүнчүлүктөрү.

Буларды аныктонун же баалоонун үч денгээлин белгилеп алдык, алат: жогорку, орто жана төмөнкү деңгээлдер. Окурмандык кызыгуунун калыптанышынын ***жогорку*** деңгээли мына мындай көрсөткүчтөргө ээ:

А).Ч.Айтматовдун чыгармаларынын жалпы мазмуну менен кабардар, окуган, билет. Тектеш башка элдердин каада-салтын, адаттарын билет, жалпы түшүнүктөргө ээ. Маданият диалогунун негизги параметрлерин билет.

Б).Бул түшүнүктөрдү терең өздөштүргөн: намыс, уят, чындык, акыйкаттык, арамдык менен адалдык, жапакечтик, мекенчилдик, сый мамиле, жүрүм-турум нормаларын сактоо, дүйнөнү аң сезимдүүлүк менен кабылдоо, асылдыкты, кооздук менен сулуулукту сезе билүү, адам менен табияттын мамилесин билүүсү.

В) Билген маалыматын анализдейт, синтездейт, салыштыра алат, көркөм чыгарманын көмүскөдөгү текстин билет баамдайт, өз көз карашы бар, анысын коргой алат, талаша билүү көндүмдөрүнө ээ, көркөм чыгармага адабий талдоо жүргүзө алат – проблемалык, сюжеттик-композициялык, образдык ж.б. талдоонун элементтерин билет.

Окурмандык кызыгуунун калыптангандыгынын ***ортоңку*** деңгээли мына мындай көрсөткүчтөргдөн турат:

1) көркөм чыгарманы окуу, түшүнүү, тектти интерпретациялоо жана аналидей билүү.
2) географиялык жактан жакын, тарыхый-социалдык жактан окшош болгон кыргыз-казак элдеринин этномаданиятынын өзгөчөлүктөрүн билүүсү.
3) Алган маалыматтарын аналидей, синездей алат; башка маалыматтар менен салыштыра алат; көркөм чыгарманын идеясын аныктай алат, анын сюжетин кайра айтып бере алат. Көрсөткүчтөрү: дилбаян, эссе, реферат, текстин поанын түзүү, кайра айтып берүү, каармандардын образдарына анализ жасай билүүсү, бир жылдын аралыгында Ч.Айтматовдун 1-2 чыгармасын өз алдынча окуп чыгуусу.

Окурмандык кызыгуунун калыптанышынын ***төмөнкү*** деңгээли мына мындай көрсөткүчтөргө ээ:

1) көркөм чыгарманы окуунун жана түшүнүүнүн төмөнкү көрсөткүчтөрүнө ээ болуу; көркөм чыгарманын сюжетин билдбеши;
2) көркөм чыгармага анализ жасоо көндүмдөрүнө ээ эмес. Окуган көркөм чыгармасы боюнча жазуу иштерин аткара албайт, көркөм чыгарманын текстин окуп чыгып кайрадан айтып берүү билгичтиктерине ээ эмес.

Экспериментке жалпы жонунан 500дөн ашуун окуучулар (бул тизмеге окуучулар, китепканадагы изилдөөгө катышкандар, 7,8,9,11-класстардын эксперименталдык жана текшерүүчү окуучулар кирди), адабият мугалимдери, ата-энелер, китепканачылар катышышты.

Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мисалында окуучулардын окурмандык кызыгууларын калыптандыруу боюнча иштин аныкталган абалы көрсөткөндөй Казакстандын мектептеринин шарты азырынча талаптарга дээрлик жооп бербейт, муну жакшыртуунун жолдорун диссертациялык изилдөөбздүн практикалык сунуштар бөлүмүндө беребиз.

***Таблица 4. Эксперименттик иштердин жыйынтыктары***

| | класс | Окуучу саны | Деңгээлдер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | жогорку | | ортонку | | төмөнкү | |
| | | | к-во | % | к-во | % | к-во | % |
| контролдук класстар | 7 | 30 | - | - | 19 | 63 | 11 | 37 |
| эксперименталдык | 7 | 30 | 2 | 6 | 28 | 94 | - | - |
| контролдук класстар | 8 | 30 | - | - | 22 | 73 | 8 | 27 |
| эксперименталдык | 8 | 30 | 3 | 10 | 27 | 90 | - | - |
| контролдук класстар | 9 | 30 | - | - | 24 | 80 | | 20 |
| эксперименталдык | 9 | 30 | 6 | 20 | 24 | 80 | - | - |
| контролдук класстар | 11 | 30 | 2 | 7 | 22 | 73 | 6 | 20 |
| эксперименталдык | 11 | 30 | 9 | 30 | 21 | 70 | - | - |

Ошентип, билим берүү процессинде уюшулган окурмандык чөйрөнүн шартында пландуу, прогноздуу рефлекстик субъекттердин алакасын, системалык, инсандык-ишмердүүлүк, этно жана лингвомаданияттык мамиле кылууну эске алуу менен, казак мектептеринде жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармаларын кызыгуу менен окуу үчүн багытталган оптималдуу шарттарды түзүү; окуу процессин юштурууда улуттук тилдеги көркөм текстти кабыл алуунун негизги чөйрөсүн активдештирүүчү, атайын окурмандык билгичтикти калыптандыруучу, окуучулардын окурмандык шыгын бекемдеп жана калыптануусун эффективдүү ишке ашырып, алардын таанып-билүүчүлүк кызыгуусун активдештирээрин тастыктай алдык.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

1.Көркөм чыгармалар аркылуу окурмандык кызыгууну калыптандыруу боюнча иштелип чыккан методикалык системаны жана окурмандык чөйрөнү уюштуруунун моделин окуу-тарбия процессине кеңири жайылтуу

Казакстандын орус тилдүү мектептеринин окуучуларынын Ч.Айтматовдун чыгармаларына болгон кызыгуусун калыптандырууга өбөлгө түзөт.

2.Сабактарда Ч.Айтматовдун чыгармаларын терең анализдөө адабият мугалиминин, класс жетекчинин, китепканачынын жүргүзгөн класстан тышкаркы иштеринин системасы окуучунун окурмандык кызыгуусунун калыптанышын активдештирет, көркөм текстти түшүнүп окуу көндүмдөрүн калыптандырат.

3.Адабият сабактарындагы көркөм чыгарманы талдоо иштери окуучунун оозеки жана жазуу речин, талдоонун анализдөө, синтездөө эрежелерин, чыгарманы баалоо көндүмдөрүн калыптандырат.

4.Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучунун окурмандык кызыгуусун калыптандырууга багытталган методикалык система окуучулардын боордош, тектеш элдердин тарыхын, адабиятын жана маданиятын терең өздөштүрүүгө өбөлгөлөрдү түзөт.

5.Казакстандын ортоңку жана жогорку класс окуучуларынын жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун моделин реализациялоо иштери күтүлгөн жыйынтыктарды берди, себеби, окуучунун окурмандык кызыгуулары артты, китептин баалуулугун сезип, аны менен иштөөнүн жолдорун өздөштүрүп калышты.

Ошентип, жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иштери жана тажрыйбалык-эксперименталдык ишибиз окуучунун кыргыз жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармаларын да кызыгып окуунун эффективдүүлүгүнө арналган жалпылык жана максаттуу методикалык иштердин негизинде божомолдун тууралыгын, жакшы багытка өзгөргөндүгүн тастыктайт. Мектеп окуучуларынын кыргыз жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу көркөм чыгармаларга болгон кызыгуусун калыптандыруунун деңгээли аныкталды жана көркөм адабиятты окуп-үйрөнүүнүн абалына анализ жүргүзүлдү; кыргыз жазуучусунун чыгармаларын түшүнүп окууда окурмандык кызыгууну калыптандыруучу, окурмандык чөйрөдөгү (мектеп, үй-бүлө, китепканалар биримдиги) психологиялык-педагогикалык, адабияттык жана жалпы методикалык өзгөчөлүктөрдү аныкталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1.Окуучулардын окурмандык кызыгууларын, ишмердүүлүгүн калыптандыруу процессинде мугалим окуучунун өзүнүн турмуштук тажрыйбаларына, алардын руханий баалуулуктары менен мотивацияларына басым жасашы керек.

2. Массалык маалымат каражаттары, телеберүүлөр, радиоуктуруулар, интернет ресурстары, электрондук китептер, электрондук китепканалар аркылуу жазуучу Ч.Айтматовдун мыкты чыгармаларын таркатуу менен анын чыгармалары боюнча таетрдагы, кино өнөрүндөгү үлгүлөрүн пропагандалоо зарыл.

3.Маданияттардын диалогу сыяктуу иштердин алкагында Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча ийримдик жана факультативдик иштердин

программасын түзүү, тектеш түрк тилдүү элдердин, анын алкагында кыргыз адабиятынын, маданиятынын, тилинин казак окурмандарынын арасында кенири жайылтуу иштерин колго алуу зарылдыгы бар.

4.Окуучулардын мектеп курагынан баштап тектеш элдердин адабий-маданий байланыштарын өздөштүрүү боюнча илимий-изилдөө иштерин активдештирүү зарыл.

**Диссертациянын негизги жоболору изденүүчүнүн төмөнкү эмгектерде жарыяланды:**

1.Кунекова Т.М. Организация читательской среды. Монография. [Текст]/Т.Кунекова. - Астана: ТОО «Мастер ПО», 2015. -187с.

2. Кунекова,Т.М. Изучение творчества Ч.Айтматова в школе. Методическое пособие для учителей. [Текст]/Т.Кунекова. – Бишкек, 2017. -56 стр.

3.Кунекова Т.М. Роль учителя в процессе формирования читательского интереса к казахской литературе [Текст]/Т.Кунекова. //М/н н/-практ.конференция "Совершенствование профессионализма учителя русского языка и литературы в условиях реализации программы «Наша новая школа»". – Москва.- 2010.

4.Кунекова Т.М. Дарынды оқырманды тәрбиелеу барысындағы көркем мәтінді рефлексівті оқу жолдары [Текст]/Т.Кунекова. //«Известия вузов». - Бишкек.-№ 6, - 2012.-С. 243-246.

5.Кунекова Т.М. Роль учителя литературы в процессе воспитания творческого читателя. // «Наука и новые технологии» [Текст]/Т.Кунекова. - Бишкек. № 4, 2012. -С. 305-308.

7.Кунекова Т.М. Актуальные проблемы литературного развития учащихся школ в Казахстане //«Известия Кыргызской академии образования».[Текст]/Т.Кунекова. - Бишкек. № 3(23) 2012. - С.82-88.

8.Кунекова Т.М. Модель организации читательской среды и формирование читательского интереса к художественным произведениям [Текст]/Т.Кунекова. - Бишкек. //Известия ВУЗов. 2015 № 5. - с. 263-267.

9.Кунекова Т.М. Уроки литературы сегодня: вопросы формирования читательского интереса [Текст]//Т.Кунекова. - Бишкек. //Эл агартуу 2015. № 5-6. - с.26-31.

10.Кунекова Т.М. Работа над художественным текстом в условиях полиязычия для подготовки специалистов творческого вуза. Сб. XII М/н н/пр. конф. «Россия и Европа: связь культуры и науки» [Текст]//Т.Кунекова. - Прага. Чехия. 15 июня 2015. - с.127-133.

11.Кунекова Т.М. Чтение как фактор развития читательских навыков. Материалы XIV Международной научно-практической конференции «Россия и Европа: связь культуры и экономики». [Текст]//Т.Кунекова. - Прага. Чехия. 2016. - с. 230-234.

12.Кунекова Т.М. От читающего ученика к читающей стране. Межд. научно-практ. конф. [Текст]// Т.Кунекова.- Астана, 2016.. - с.48-50.

13.Кунекова Т.М. Творческтво Чингиза Айтматова в школах Казахстана. [Текст]/Т.Кунекова. - //Эл агартуу, 2017. № 1-2. Стр. 8-12.

14.Кунекова, Т.М. Читательское восприятие старшеклассников произведений Чынгыза Айтматова. [Текст]/Т.Кунекова. //Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. № 7. –стр.188-192.

15.Кунекова, Т.М. Методы и приемы работы учителя в процессе изучения творчества Чынгыза Айтматова. [Текст]/Т.Кунекова. //Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. № 7. –стр.196-198.

**РЕЗЮМЕ**

диссерационного исследования **Кунековой Турсын Мырзабековны** на тему **«Методические основы формирования читательского интереса учащихся на произведениях Чингиза Айтматова”** на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02-теория и методика обучения и воспитания (кыргызская литература)

**Ключевые слова:** чтение, интерес, читательский интерес, модель, читательский дневник ученика, портфолио, констатирующий, промежуточный и итоговый эксперимент.

**Цель исследования:** теоретическая и практическая разработка методики формирования читательского интереса учащихся школ Казахстана на произведениях Чингиза Айтматова**.** Создание модели и методической системы формирования читательского интереса учащихся школ Казахстана к произведениям кыргызской литературы.

**Научная новизна:** теоретически обоснована возможность формирования читательского интереса учащихся школ Казахстана на произведениях Ч.Айтматова; разработаны модель и методическая система формирования читательского интереса учащихся школ Казахстана на произведениях Ч.Айтматова, экспериментально проверена эффективность этой модели, а также целесообразность определенных методов, форм, приемов изучения литературы, формирующих читательский интерес; опираясь на инновационные и медиа-технологии, созданы методическая система и модели уроков изучению произведений Ч.Айтматова, предложены алгоритмы анализа художественного текста; разработана словарная лингвокультурологическая карта, которая будет способствовать активизации работы по обогащению лексики учащихся; представлена система проведения внеклассных, внеурочных занятий, способствующих формированию читательского интереса к произведениям Чингиза Айтматова у учащихся школ Казахстана; составлен список литературы, кино и видеоматериалов, рекомендуемых для внеклассного и дополнительного чтения и просмотра.

**Практическая значимость:** исследования заключается в возможности использования данного материала при чтении лекций по методике преподавания литературы в школах Кыргызстана и Казахстана, при проведении практикумов, семинаров, при прохождении педагогической практики студентов педагогического колледжа и педагогического вуза по специальности «филология», при подготовке и проведении уроков литературы, внеклассного чтения, внеклассной работы, для проведения контрольно-проверочных работ по выявлению читательского интереса учащихся в условиях стандартизации литературного образования.

**SUMMARY**

of the dissertation of **Kunekova Tursyn Myrzabekovna** on the topic of **"Methodical bases of formation of reader interest of students on Chinghiz Aitmatov’s works"** for a degree of a candidate of pedagogical sciences on a specialty 13.00.02-Theory and a training and education (Kyrgyz literature).

**Keywords**: reading, interest, reader interest, model, student's diary, portfolio, ascertaining, interim and final experiment.

**Research objective:** theoretical and practical development of a technique of formation of reader interest of students at schools of Qazaqstan on works by Chinghiz Aitmatov. Creation of a model and a methodical system of formation of reader interest of Qazaq students to works of Kyrgyz literature.

**Scientific novelty:** the possibility of formation of reader interest of students at schools of Qazaqstan on works by Ch. Aitmatov has been theoretically proved; the model and the methodical system of formation of reader interest of students at schools of Qazaqstan on works by Ch. Aitmatov have been developed, the efficiency of this model and also expediency of certain methods, forms, the methods of studying of literature forming reader interest have been experimentally checked; based on innovative and media technologies the methodical system and models of lessons for studying of Ch. Aitmatov’s work have been created in the thesis; a cultured linguistic cultural map has been developed that will promote the work intensification on enriching the students’ vocabulary; the system of carrying out extra-curricular activities contributing to the formation of readers interest in the works of Chingiz Aitmatov among students at schools in Qazaqstan was presented here; the list of references, cinema and the video records were recommended for home additional reading and viewing.

**Practical importance**: the importance of a research consists in a possibility of use of this material for lecturing by a technique of teaching literature at schools in Kyrgyzstan and Qazaqstan; for practical works, seminars, student teaching practice at pedagogical college and institution on the specialty "0307", preparation and conducting lessons of literature, home reading, out-of-class work, for the control and verification of work to identify the reader interest of students in terms of standardization of literary education.

**Кунекова Турсын Мырзабековнанын** 13.00.02–окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган ***«Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун методикалык негиздери»*** деген темадагы диссертациясынын


## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** көркөм чыгарманын текстин окуу, кызыгуу, окурмандык кызыгуу, модель, окуучунун окурмандык күндөлүгү, портфолио, констатациялык, ортолук жана жыйынтыктоочу эксперимент.

**Изилдөөнүн максаты:** Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мисалында окуучулардын окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун теориялык жана практикалык методикасын иштеп чыгуу. Казакстандын мектеп окуучуларынын кыргыз адабиятынын үлгүлөрүнө болгон кызыгуусун калыптандыруунун методикалык системасын жана моделин түзүү.

**Илимий жаңылыгы:** Казакстандын мектеп окуучуларынын кыргыз адабиятынын үлгүлөрүн өздөштүрүү процессинде окурмандык кызыгуусун калыптандаруунун мүмкүнчүлүктөрү теориялык жактан аныкталды эксперимент аркылуу текшерилди; кыргыз адабиятын үлгүлөрүн окутуунун методдору, формалары, каражаттары аныкталды; инновациялык медиа-технологиянын жардамы менен сабактардын модели түзүлдү, көркөм текстти анализдөөнүн алгоритми иштелип чыкты; жогорку класстардын окуучуларынын кыргыз жана казак лексикасын байытуу боюнча иштерди активдештирүүчү лингвокультурологиялык сөздүктүн картасы иштелип чыкты; кыргыз авторлорунун улуттук тилдеги чыгармаларына карата орус тилдүү мектептердин жогорку класс окуучуларынын окурмандык кызыгуусун калыптандыруу боюнча класстан тышкаркы, сабактан тышкаркы иштерди уюштуруунун системасы иштелип чыкты; класстан тышкаркы жана кошумча окуу үчүн сунуш кылынган адабияттардын тизмеси түзүлдү.

**Практикалык мааниси:** орус тилдүү мектептерде кыргыз жана казак адабиятынын үлгүлөрү, аларды окутуунун методикасы боюнча Кыргызстандын жана Казакстандын мектептеринде лекцияларды окууда, сабактарга даярданып, аны уюштурууда, «филология» адистиги боюнча педагогикалык колледж жана жогорку окуу жайларында практикум, семинардык сабактар жана педагогикалык практикаларда, класстан тышкаркы иштерде, адабияттык билим берүү стандартынын шартында кыргыз жана казак тилдериндеги көркөм чыгармаларына болгон окуучулардын окурмандык кызыгуусун аныктоо боюнча контролдук-текшерүүчү иштерди жүргүзүүдө бул изилдөөнүн жыйынтыктарын методикалык жардам катары пайдаланууга болот.